*ЖКББ НББПнын максаттары*

**710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» багыттары боюнча бакалаврды даярдоодогу билим берүү программасынын максаттары (М):**

**М1.** Студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, жалпы маданияттуулук деңгээлин, ой-жүгүртүүсүн компетенттик мамиле аркылуу калыптандыруу жана жогорулатуу; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматка ээ болуусун жана аларды кеңири чөйрөдө колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу; мамлекеттин ар тараптан өнүгүшү үчүн интеллектуалдык потенциалын, билимин жана билгичтиктерин жүзөгө ашырууга даяр экендигине тарбиялоо, өлкөгө болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.

**М2.** Сапаттын кепилдигин камсыздоо менен экономикалык, математикалык жана компьютердик техника, тармактар жана технологиялар багытындагы заманбап илимий билимдердин негиздеринде бүтүрүүчүгө тандап алган иш-чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик жактан адистешкен, тереңдетилген, атайын кесиптик билимдерди өздөштүрүүсүн камсыздоо жана аларды практика жүзүндө колдоно алууга даярдоо.

**М3.** Ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүүнүн, эсептөөчү машиналарды, комплекстерди, системаларды, тармактарды иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүү, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, эсептөө техникаларын жана тармактарды системалык, прикладдык жана программалык камсыздоо, администрлөө, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу жөндөмдүүлүктөрдү бүтүрүүчүлөрдө калыптандыруу.

**М4.** Илимдин жана техниканын жаңылыктарын жана жетишкендиктерин колдонуу менен ишкана-мекемедеги эсептөө техникалары жана тармактар менен иштөөнү автоматташтырууга, интранет, интернет тармактарын эффективдүү колдонуу аркылуу берилгендер базасын түзүүгө жана колдонууга, электрондук продукция чыгарууга жана киреше алууга, команда менен иштөөгө, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик абалдардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

**М5.** Эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алууда, ресурстарды рационалдуу жана үнөмдүү пайдаланууда ата мекендик жана чет элдик тажрыйбалардын илимий-техникалык маалыматтарын, анализдөө менен колдоно билүүдө, стратегиялык пландаштырууда информациялык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу чет элдик адистер менен мамилелешип иштөөгө жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.